КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫ
БИОЛОГИЯ –ТОПУРАК ТААНУУ ИНСТИТУТУ
КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ
ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ

Ведомстволор аралык диссертациялык кеңеш Д 03.18.569

Кол жазма укугунда
УДК: 581.526.52(575.2)(043.3)

Кубентаев Серик Аргынбекович

Түштүк жана Түштүк-Батыш Алтайдын Казакстан жагынын дары-дармек өсүмдүктөрүнүн флорасынын ар түрдүүлүгү жана ресурстук потенциалы

03.02.01- ботаника

Биология илиминин кандидаты окумуштуу даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын
автореферати

Бишкек – 2018

Диссертациялык иш Казакстан Республикасынын илим жана билим Министрлигинин илим Комитетинде Республикалык мамлекеттик мекеме “Алтай ботаникалык багында” аткарылды

Илимий жетекчиси: Гемеджиева Надежда Геннадьевна, РАЕ
мүчө-корреспонденти,
биология илимдеринин доктору

Расмий оппоненттер: биология илимдеринин доктору, профессор
Лазьков Георгий Анатольевич

биология илимдеринин доктору,
ассоциацияланган профессор
Мырзагалиева Анар Базаровна

Башкы мекеме: Федералдык көмүрдү изилдөө борбору жана СО РИАнын көмүрхимия жана адам экологиясына караштуу Кузбастагы ботаникалык бак.

Диссертацияны коргоо 2018-жылдын “29” июнда саат 13-00 дө

Кыргыз Республикасынын Кыргыз Улуттук илимдер Академиясынын Биология топурак таануу институтунун (Кош негиздөөчү: КР Билим берүү жана илим министрлиги, Ош мамлекеттик университети) алдындагы ведомстволор аралык биология илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын изденип алуу боюнча Д 03.18.569 диссертациялык кеңештин жыйынында корголот. Дареги: 720071, Бишкек шаары, Чүй проспекти, 265.

Диссертациялык иш менен Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер Академиясынын Борбордук китепканасынан таанышууга болот, дареги: Бишкек шаары, Чуй проспекти, 265а, жана Биолгия топурак таануу институтунун расмий сайтынан: https://www.bpinankr.kg жана КР ЖАК сайтыныан: https://www.vak.kg таанышууга болот.

Автореферат 2018-жылдын «25» майда таркатылды

Ведомстволор аралык
диссертациялык кеңешинин
илимий катчысы,
биология илимдеринин кандидаты Купсуралиева И.К.

ИШТИН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

Диссертациялык теманын актуалдуулугу. Казакстан Республикасынын фармацевтикалык өндүрүшү үчүн туруктуу сырьенун базасын түзүү - азыркы учурдун бирден-бир приоритеттик маселелердин бири. Изилдөөнүн актуалдуулугу Казакстан Республикасынын саламаттыкты сактоо жана фармацевтикалык өндүрүшү жаңы жана эффективдүү дарыларды керектөөчү шарты өсүмдүктөрдөн алынган каражаттардын муктаждыгына байланышкан.

Түштүк жана Түштүк-Батыш –Алтай кырка тоолору уникалдуу флорасынын ар түрдүүлүгү өсүмдүктүүлүгү жана өсүмдүк ресурстары менен өзгөчөлөнүп, перспективдүү Казакстандык Алтай регионуна карайт. Патенттүү –маалыматтар издөө эмнени көрсөттү, региондун дары-дармек флорасын баалоодо эң көп иштердин болгонуна карабастан, элдик жана официалдуу медицинада колдонулуп жүргөн Казакстандык Алтайдын дары-дармек өсүмдүктөрүнүн толук тизмеси жок. Ресурстук маанаге ээ болгон көп дары-дармек өсүмдүктөрдүн таралышы жана запасы эсепке алынган эмес.

Жергиликтүү жашоочулардын арасында өтө белгилүү болгон дары – дармек өсүмдүктөрдөн: *Adonis vernalis* L., *Hedysarum alpinum* L., *H. theinum* Krasnob., *Stemmacantha chartamoides* (Willd.) M. Dittrich, *Paeonia hybrida* Pall., *Alcea froloviana* (Litv.) Iljin ж.б. сырьелорун даярдоосу ар дайым болуп турбайт, бир топ тоолуу райондордо аларды даярдоочулардын колу жеткен жерлердеги популяциялары деградацияланган. Ушуга байланыштуу чарбалык жактан баалуу болгон жаратылыштын популяцияларын, ошондой эле Казакстандык Алтайдын аймагындагы сейрек жана жоголуп кетүү коркунучундагы дары-дармек өсүмдүктөрүнүн түрлөрүн заманбап изилдөө керек.

Түштүк жана Түштүк-Батыш-Алтай кырка тоолорунун дары -дармек флорасына жана ресурстук потенциалына заманбап баа берүү, аныктоо жана өздөштүрүү; түрлөрдү өндүрүштө өстүрүүнүн перспективдүүлүгүн ачып көрсөтүү жана коргоого алуу; илимий негизде аларды рационалдуу пайдаланууну (негиздөө) камсыз кылат.

Диссертациялык теманын илимий изилдөө программалары менен байланышы. Бул эмгек мамлекеттик гранттык проекттин негизинде аткарылды: М 2015 “Казакстандык Алтайдын элдик жана официалдык медицинада колдонулуучу дары өсүмдүктөрүн үйрөнүү, таралышына, сырьелордун запасына жана практикада колдонуу мүмкүнчүлүгүнө баа берүү” (2015-2017 -жж) мам. регистрациясынын № 0115КР02671.

Изилдөөнүн максаты жана маселелери.

Иштин максаты Түштүк жана Түштүк-Батыш Алтайдын Казакстан жагындагы дары-дармек флорасынын ар түрдүүлүгү жана ресурстук

потенциалына заманбап баа берүү, аларды рационалдуу пайдалануу жана коргоо үчүн сунуштамаларды иштеп чыгуу. Максатка жетүү үчүн төмөнкүдөй маселелер коюлду:

–Түштүк жана Түштүк-Батыш Алтайдын дары-дармек флорасынын ар түрдүүлүгүн тактоо үчүн инвертизациялоо;

–Изилденип жаткан региондун дары-дармек өсүмдүктөрүнүн ресурстук потенциалын ачып көрсөтүү;

–Аныкталган дары өсүмдүктөрдүн өскөн жеринин эколого-фитоценотикалык мүнөздөмөсүн берүү;

–Түштүк жана Түштүк-Батыш Алтайдын Казакстан жагындагы сейрек жана жоголуп кетүү коркунучунда турган дары-дармек өсүмдүктөрүнүн популяцияларынын абалына заманбап баа берүү;

–Түштүк жана Түштүк-Батыш Алтайдын чарбалык жактан баалуу, сейрек жана жоголуп кетүү коркунучундагы дары-дармек өсүмдүктөрүн коргоо жана рационалдуу пайдалануунун практикалык сунуштар иштеп чыгуу.

Алынган жыйынтыктардын илимий жаңылыгы. Биринчи жолу Казакстандык Алтай кырка тоолорунун дары-дармек флорасына официалдуу жана элдик медицинада колдонулган дары өсүмдүктөрдүн түрлөрүнүн ар түрдүүлүгүн тактоо үчүн инвентаризация жүргүзүлдү. Түштүк жана Түштүк-Батыш Алтайдын Казакстан жагындагы кырка тоолорунун өндүрүшкө жана жергиликтүү аптекалык тармактардын керектөөсүнө жарамдуу болгон, алардан даярдалган дары өсүмдүктөрүнүн сырьелук запасына заманбап баа берилди. Региондун сейрек кездешүүчү дары-дармек өсүмдүктөрүнүн жаратылыштагы популяцияларынын азыркы абалы изилденди жана аларды коргоо боюнча кошумча чаралар сунушталды.

Алынган жыйынтыктардын практикалык маанилүүлүгү. Түштүк жана Түштүк-батыш Алтай кырка тоолорунун аймагында чарбалык жактан баалуу жыш чыккан дары өсүмдүктөрдүн өскөн жерлери аныкталып, жана рационалдуу пайдалануга сунуштама материалдар, отчет, картосхема түрүндө ТОО «Шыгыс-Invest» жана ТОО «Курчумнаназыктүлүк», дары-дармек даярдоочуларга (жайылтуу актылары 15.10.2014; 12.11.2015; 20.09.2016) берилди.

Казакстандык Алтайдын ДӨ (дары өсүмдүктөр) түзүлгөн тизмеси ботаниктер, фитохимиктер, фармакологдор, фармацевтер, студенттер жана биология мугалимдерине, фитохимия жана медицина тармагындагы, ошондой эле илимий-изилдөө мекемелерде эмгектенген адистерге окуу жана маалымат куралы катары кызмат аткарат.

Алынган жыйынтыктардын экономикалык маанилүүлүгү. 2010-2016-жылкы Казакстан Республикасынын фармацевтикалык өндүрүшүн

өнүктүрүү программасы боюнча, Казакстандын индустриалдык-инновациалык өнүгүүсүн ылдамдатуу Мамлекеттик программага дал келген иштелмелер, 2010-ж 19-мартындагы №958 Казакстан Республикасынын Президентинин Указында бекитилген, Республиканын саламаттыгын сактоодо импорттолуп келген дары-дармек препараттарды кыскартуу планынын негизинде, жергиликтүү күчтү толук кандуу пайдалануу жана жаңы заманбап өндүрүштүк технологиялардын базасын куруу жолго коюлган.

Элдик жана официалдуу медицинада колдонулган чарбалык жактан баалуу дары-дармек өсүмдүктөрдүн сырьелук запасын жана таралышы жөнүндөгү маалыматтар, кызыктар болгон өлкөлөрдүн мекемелерине дары-дармек сырьелорду табигый өскөн жеринен даярдоону жүргүзүү жана журтубуздун фитопрепараттарынын ассортименттерин көбөйтүүнү камсыз кылуу.

Диссертацияны коргоого алып чыга турган негизги абалы:

– Түштүк жана Түштүк-Батыш Алтайдын дары-дармек флорасынын ар түрдүүлүгү жана аларды инвертизациялоо;

– Изилденүүчү региондун дары-дармек флорасынын ресурстук потенциалы;

– Аныкталган дары өсүмдүктөрдүн өскөн жеринин эколого-фитоценотикалык мүнөздөмөсү;

– Түштүк жана Түштүк-Батыш Алтайдын Казакстан жагындагы сейрек жана жоголуп кетүү коркунучундагы дары-дармек өсүмдүктөрүнүн популяцияларынын азыркы абалы;

– Түштүк жана Түштүк-Батыш Алтайдын сейрек жана жоголуп кетүү коркунучундагы, чарбалык жактан баалуу дары-дармек өсүмдүктөрүн коргоо жана рационалдуу пайдалануунун практикалык сунуштар иштеп чыгуу.

Изилдөөчүнүн өздүк салымы. Автор тарабынан проблема аныкталган жана изилдөөнүн багыттары белгиленген, иш жүргүзүүнүн программасы иштелип чыккан, талаа материалдарды жыйноо камералык жана статистикалык маалыматтарды иштетүү боюнча иштин негизги бөлүгү аткарылган толугу менен анализ жүргүзүлүп жана изилдөөнүн жыйынтыгы жалпыланып, илимий жактан негизги закон ченемдүүлүгү формулировкаланып жана тыянак чыгарылды. Иште алынган жыйынтыктардан 25–100% чейин автордун катышуусу менен басмадан чыкты.

(2013-2018 жж) изилдөөнүн узактыгы, негизделген жыйынтыктар жана изилдөөнүн жыйынтыгынын тактыгы, эксперименталдык материалдардын жеткиликтүү көлөмү камсыз болуп, изилдөөдө заманбап ыкмалар пайдаланылып, илимий жактан негизделген ыкмалар колдонулуп

материалдар иштетилип жыйынтыктар алынып керектүүлүгү камсыз болду.

Изилдөөнүн натыйжаларын апробациялоо. Изилдөөнүн материалдары: “Биоэкологиялык край таануу: дүйнөлүк, россиялык жана регионалдык проблемалар”, биология илимдеринин доктору, профессор И.С. Сидоруктун жана айыл-чарба илимдеринин доктору, профессор П.А. Положенцеванын 115 жылдык туулган күнүнө карата 4-чү эл аралык илимий-практикалык конференцияда (Самара, 2015); “Биологиялык ар түрдүүлүктү сактоо, өсүмдүктөрдүн интродукциясынын актуалдуу маселелери”Алтай ботаникалык багынын 80-жылдыгына карата (Риддер, 2015); «European conference on innovations in technical and natural sciences, 10 th International scientific conference» аттуу конференцияда (Вена, 2016); «Түштүк Сибирдин жана Монголиянын ботаникалык проблемалары» XV эл аралык илимий - практикалык конференцияда (Барнаул, 2016); “Биоэкологиялык край таануу: дүйнөлүк, россиялык жана регионалдык проблемалар”, биология илимдеринин доктору, профессор В.Л.Воржеванын 110-жылдык туулган күнүнө карата жана педагогика илимдеринин кандидаты, доцент Г.Г.Штехердин 125 жылдыгына карата 5-эл аралык илимий практикалык конференцияда (Самара, 2016) баяндалды.

Диссертациянын жыйынтыктарынын публикацияда толук чагылдырылышы. Диссертациянын материалдарынан 15 илимий эмгек, анын ичинен 1 маалыматтык окуу куралы жана 14 илимий макала жарыяланды.

Диссертациянын түзүмү жана көлөмү. Диссертация 144 беттеги компьютердик текстен, киришүүдөн, 4 главадан, корутундудан, практикалык сунуштамалардан, 141 колдонулган адабияттардан, анын ичинен 50 чет өлкөлүк авторлор, 3 таблица, 8 сүрөт, 6 тиркемеден турат.

ИШТИН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

1 бөлүм. Түштүк Батыш жана Түштүк Алтайдын жаратылыш шарттары (рельефи, климаты, суулары, топурагы, өсүмдүктүүлүгү). Главада Түштүк жана Түштүк-Батыш Алтайдын физикалык-георафиялык, жаратылыш-климаттык шарттары жана өсүмдүктүүлүгү, адабияттагы булактардан алынган кыскача мүнөздөмөсү келтирилди.

2 бөлүм. Адабияттардын обзору. Бул главада Ата-Мекендик жана чет өлкөлүк окумуштуулардын эмгектерине аналитикалык обзор берилген, дары-дармек өсүмдүктөрдү үйрөнүүгө арналган, этаптарды так чагылдырган жана Казакстандык Алтайдын дары-дармек флорасын үйрөнүү баскычтары, Түштүк жана Түштүк-Батыш Алтайдын Казакстан жагындагы дары-дармек флорасынын ресурстук потенциалын жана түрлөрүн заманбап изилдөөлөр керек экендигин күбөлөндүрүлөт.

3 бөлүм. Изилдөөлөрдүн материалдары жана ыкмалары. Бул эмгекти ишке ашыруу үчүн изилдөөлөр жалпы кабыл алынган геоботаникалык жана ресурс таануу ыкмаларынан пайдаланылды. Дары өсүмдүктөрдүн ценопопуляцияларын изилдөө үчүн Түштүк жана Түштүк-батыш Алтайдын (Быков, 1957) бардык аймагын камтыган маршруттук-
рекогноцировкалык ыкма методологиялык негиз болуп алынды. Талаалык изилдөөлөрүнүн маршруттарын иштеп чыгууда топографиялык, геоботаникалык жана айыл чарбалык масштабдык карталар 1:1000000; 1:200000; 1:100000, ошондой эле токой чарбасынын материалдарынын планынын маалыматтары, таксациалык жазуулар, доминант породаларды токой өстүрүүчүлүктө өстүрүү планы пайдаланылды.

Алынган объектердин өсүмдүктүүлүк биргелештигин изилдеп жазууда особдордун санына визуалдык баа берүү, геоботаникалык ыкмалар Друде Г. шкаласы менен Б.А. Быковдун (1970) эмгегинен каралып жазылды. Конкреттүү ценопопуляциянын структурасы Т.А. Работнов (1964) жана О.В. Смирнованын (1976) ыкмасы менен жасалды. Тиричилик циклин А.А.Урановдун (1960) ыкмасы менен билүү. Талаа шартында түрлөрдүн эколого-биологиялык өзгөчөлүгүн изилдөө М.Ф. Голубев и Е.Ф. Молчанов (1978) иштеп чыккан ыкмаларынын көрсөтмөлөрү колдонулду.

Дары өсүмдүктөрдүн ресурстук потенциалы “Дары өсүмдүктөрдүн запасын аныктоо ыкмалары” (1986); “Сибирдин дары өсүмдүктөрүнүн ресурстарын үйрөнүү методикалык көрсөтмө” (1988) боюнча аныкталды. Сырьенун запастарынын калың (жыш) чыккан жерлеринин же моделдик экземплярларын конкреттүү аянттардан эсепке алуу.

Фитоценоздогу дары өсүмдүктөрдүн түрлөрүнүн кездешишин идентификациялоо “Казакстандын Флорасынан” (1956-1966) жүргүзүлдү. Түрлөрдүн номенклатурасы С.К. Черепановдун (1995) сводкасына дал келет. Изилдөөдөн алынган жыйынтыктар вариациялык статистикалык ыкманын жардамы менен каралды (Зайцев, 1973).

Кургак абадагы алынган сырьенун запасынын көлөмүнөн көз карандылыгы 4 категория боюнча: 1 т азыраак (I), 1 ден 10 т (II) чейин, 10 дон 100 т (III) чейин, андан жогору 100 т (IV) карай жазылды.

4 бөлүм. Өздүк изилдөөлөрдүн жыйынтыгы жана аларды талкуулоо

4.1 Түштүк жана Түштүк-Батыш Алтайдын дары-дармек өсүмдүктөрүнүн ар түрдүүлүгүнүн флорасынын жаратылыштагы скринингги.

Казакстандын ичинен Казакстандык Алтай флористикалык райондорунан эң байы, анда 2500 ашык жогорку өсүмдүктөрдүн түрлөрү, жалпы флоранын 40% ашыгы өсөт (Кохутов, 2005).

Адабияттардан (Синицин, 1982; Адекенов, 2009; Грудзинская ж.б., 2014; Котухов, 1988; 2000; 2005; Байтулин, 2005; 2009; Айдарбаева, 2008; 2010; Гемеджиева, 2012; Мырзагалиева, 2012) жана биздин изилдөөлөрдөн Казакстандык Алтайдын Дары өсүмдүктөрүнүн (ДӨ) тизмеси түзүлүп, 783 түрдүн 99 тукуму кирип эң чоң тукумдун түрлөрүнүн өкүлдөрү: *Asteraceae* Dumort., *Rosaceae* Juss., *Ranunculaceae* Juss., *Lamiaceae* Lindl. (Котухов и др., 2015) анык болду. Анын Казакстандык Алтайдын ДӨ 87 түрү официалдуу медицинада, 13 аналогдору, калган түрлөр элдик медицинада колдонулат.

Түштүк Алтай кырка тоолорунда 706 түр өсүп, Казакстандык Алтайдын ДӨ жалпы санынын 90% түзүп, алардын ичинен 81 түрү официалдуу ДӨ карайт, 625 түрү элдик медицинада колдонулат. Түштүк Алтайдын ДӨ түрлөрүнүн ар түрдүүлүгү көпчүлүгү региондун түндүк-батыш бөлүгүнүн мезофилдик өсүмдүктүүлүгүнүн гидрофилдик флорасынын жаратылыш климаттык шартында туура келген, ал эми түштүк-батыш жагында ксерофилдик жана мезоксерофилдик түрлөр өскөндүгү менен айырмаланат; салыштырмалуу түрлөрдүн бийиктике карай кездешиши (700-2500 м д.д.) анык болду.

Түштүк-Батыш Алтайдын кырка тоолорунда ДӨ 605 түр (Казакстандык Алтайдын ДӨ жалпы санынын 77%) алардын ичинен 72 түрү официалдуу деп табылган, 533 түр элдик медицинада колдонулат (4.1. сүр.)



4.1. сүр. Түштүк жана Түштүк-Батыш Алтай кырка тоолорундагы ДӨ түрлөрүн бөлүштүрүү

4.2. Түштүк-Батыш Алтай кырка тоолорунун дары өсүмдүктөрүнүн запасы жана эколого – фитоценотикалык мүнөздөмөсү. Түштүк-Батыш-Алтайдын үч кырка тоолорунан каралып ДӨ 12 түрүнүн сырьелук запасынын таралышы анык болду жана 25 ЦП жазылды (4.2. сүр.) кырка тоолордо алардын кездешиши: Ивановдо 16дан ДӨ 8 түрүнүн сырьелук запасы эсепке алынды ЦП (64%); Убинде 7ден ДӨ 6 түр ЦП (28%); Батыш Листвягада 2 ден 1 түр ЦП (8%) түздү (4.3. сүр.). Ар бир түргө экология-фитоценотикалык мүнөздөмө, сырьенун ЭЗ жана жыл сайын даярдоо мүмкүнчүлүгүнүн көлөмү (ЖСДМК) берилди.

12 ресурстук ДӨ түрлөрүнөн официалдуу медицинада (58%): *Origanum vulgare, Filipendula ulmaria, Veratrum lobelianum, Solidago virgaurea, Inula helenium, Achillea millefolium, Bupleurum longifolium* subsp. *aureum,* 5 (42%) түрлөрү – элдик медицинада: *Chamaenerion angustifolium, Corydalis bracteata, Primula macrocalyx, Achillea ledebourii, Aconitum apetalum* колдонулат.



4.2. сүр. Түштүк-Батыш Алтай кырка тоолорунун ДӨ ценопопуляциясынын таралышынын картосхемасы



4.3. сүр. Түштүк-Батыш Алтай кырка тоолорунун ДӨ түрлөрүнүн текшерүүдөн кийин жайгаштыруу

8 түр 10 ЦП (40%) түзөт сырьенун запасы 1ден 10 т (II категория) (4.4. сүр.): *Corydalis bracteata* – 1 ЦП, *Primula macrocalyx* – 1 ЦП, *Origanum vulgare* – 1 ЦП, *Achillea ledebourii* – 1 ЦП, *Inula helenium* – 2 ЦП, *Achillea millefolium* – 1 ЦП, *Aconitum apetalum* – 2 ЦП, *Filipendula ulmaria* – 1 ЦП. II категориядагы түрлөр областык жана жергиликтүү даярдоодо мааниге ээ деп сунушталды.

ДӨ 5 түрү 10 ЦП (40%) сырьенун запасы 1ден 10 т (III категория) (4.4. сүр. к.): *Primula macrocalyx* – 1 ЦП, *Filipendula ulmaria* – 1 ЦП, *Chamaenerion angustifolium* – 1 ЦП, *Solidago virgaurea* – 2 ЦП, *Bupleurum longifolium* L. subsp. *aureum* – 5 ЦП.

Эки түр 5 ЦП (20%) Иванов кырка тоолорунда сырьенун запасы 100 т (IV категория) көбүрөөк (4.4. сүр.к.): *Chamaenerion angustifolium* – 1 ЦП эксплуатациялык запастын 138,6 т жана ЖДМК 34,65 т абада кургатылган жер үстүндөгү массасы 60 га аянтта, ошондой эле *Veratrum lobelianum* – 4 ЦП эксплуатациялык запасынын суммасы 1106,9 т абада кургатылган жер үстүндөгү жана 865,8 т абада кургатылган жер алдындагы массасы 220 га аянтта. Суммалык ЖСДМК *Veratrum lobelianum* 221,38 т абада кургатылган жер үстүндөгү жана 86,58 т абада кургатылган жер алдындагы массасын (4.1. табл.) түздү. Түштүк-Батыш Алтайдын ДӨ сырьелук запасы 1 т азыраак (I категорияда) аныкталган жок.



4.4. сүр. ДӨ түрлөрүн сырьелук запастарына карай бөлүштүрүү

Түштүк-Батыш Алтай кырка тоолорунун 12 чарбалык жактан баалуу ДӨ 6 түрүн өндүрүштө даярдоого абада кургатылган сырьенун ЖСДМК суммасы: *Bupleurum longifolium* L. *subsp. aureum* – жер үстүндөгү массасы 50,54 т; *Chamaenerion angustifolium* – жер үстүндөгү 58,05 т; *Filipendula ulmaria* –жер үстүндөгү 6,78 т; *Primula macrocalyx* –жер алдындагы массасы 5,13 т; *Solidago virgaurea* –жер үстүндөгү 36,52 т; *Veratrum lobelianum* –жер үстүндөгү 221,38 т жана жер алдындагы массасы 86,58 т (4.1. табл. к.) аныкталды.

Жергиликтүү аптекалык тармактар үчүн даярдоочуларга ДӨ 6 түрү ЖСДМК суммасы: *Achillea ledebourii* –жер үстүндөгү массасы 1,02 т; *A. millefolium* –жер үстүндөгү массасы 2,37 т; *Aconitum apetalum* –жер алдындагы массасы 0,58 т; *Corydalis bracteata* –жер үстүндөгү 1,77 т жана жер алдындагы массасы 0,108 т; *Origanum vulgare* –жер үстүндөгү массасы 0,65 т (4.1. табл.к.) сунушталды.

Жүргүзүлгөн ДӨ ценопопуляциясынын II–IV категориялары өндүрүштө дары-дармек сырьёлорду даярдоого жарайт.

4.3 Түштүк-Алтай кырка тоолорунун дары өсүмдүктөрүнүн запасы жана эколого-фитоценотикалык мүнөздөмөсү. Түштүк Алтай кырка тоолорунда жүргүзүлгөн текшерүүдөн: Нарым, Курчум, Сарымсакты, Түштүкалтай Тарбагатай, Азутау и Бухтармин тоолорунда чарбалык жактан

баалуу ДӨ 20 түрүнүн таралышы жана сырьелук запасы аныкталды, ДӨ катышкан 35 ценопопуляция жазылды (4.5. сүр.).



4.5. сүр. Түштүк Алтай кырка тоолорунун ДӨ таралуу картосхемасы

ДӨ көпчүлүгү Нарым кырка тоосунда – 7 түр 11 ЦП (33%) жана Бухтармин тоолорунда 7 түр 8 ЦП (22%) анык болду. Кырка тоолордо: Азутау 4 түр 5 ЦП (14%); Түштүкалтай Тарбагатайда – 3 түр 5 ЦП (14%); Сарымсактыда – 2 түр 5 ЦП (14%), Курчумда – бир түр 1 ЦП (3%) аныкталды (4.6. сүр.).



4.6. сүр. Түштүк Алтай кырка тоолорунда ДӨ түрлөрүнө жүргүзүлгөн текшерүүнү бөлүштүрүү

Жергиликтүү аптекалык тармактардын муктаждыгына жарамдуу I категорияга 3 түрдүн 4 ЦП (12%) сырьелук запасы 1 т ашпаганы: *Patrinia intermedia* – 1 ЦП (Нарымда), *Thymus serpyllum* – 2 ЦП (Бухтармин

тоолорунда), *Bergenia crassifolia* – 1 ЦП (Бухтармин тоолорунда) далилденди (4.7. сүр.).

II категорияга сырьелук запасы 1 ден 10 т чейин ДӨ 13 түрү 17 ЦП (48%) (4.7-сүр.к.): *Patrinia intermedia* – 1 ЦП (Нарымда), *Hypericum elegans*– 1 ЦП (Нарымда), *Salvia stepposa* – 1 ЦП (Бухтармин тоолорунда), *Hypericum perforatum* – 1 ЦП (Бухтармин тоолорунда), *Ziziphora clinopodioides* – 2 ЦП (Бухтармин тоолорунда), *Cichorium intybus* – 1 ЦП (Бухтармин тоолорунда), *Bupleurum multinerve* – 3 ЦП (Сарымсакты, Түштүкалтай Тарбагатайда), *Thermopsis alpina* – 1 ЦП (Түштүкалтай Тарбагатайда), *Artemisia gmelinii* – 1 ЦП (Азутау), *Achillea millefolium* – 1 ЦП (Азутау), *Acorus calamus* – 1 ЦП (Нарымда), *Hyssopus ambiguus* – 1 ЦП (Азутау), *Rosa laxa* – 2 ЦП (Курчум, Нарымда) кирет. ДӨ экинчи категориядагы түрлөрү эсепке алынып сырьенун ЖСДМК жергиликтүү аптекалык тармактардын керектөөлөрү үчүн сунушталды.

III категорияга караган 10 түр 11 ЦП (31%) сырьелук запасы 10 дон 100 т (4.7-сүр.к.) чейин: *Hypericum elongatum* – 1 ЦП (Нарымда), *Hypericum elegans* – 1 ЦП (Нарымда), *Salvia stepposa* – 1 ЦП (Нарымда), *Hypericum perforatum* – 1 ЦП (Бухтармин тоолорунда), *Inula helenium* – 1 ЦП (Бухтармин тоолорунда), *Solidago virgaurea* – 1 ЦП (Түштүкалтай Тарбагатайда), *Antennaria dioica* – 1 ЦП (Түштүкалтай Тарбагатайда), *Sanguisora officinalis* – 1 ЦП (Сарымсакты), *Bupleurum multinerve* – 1 ЦП (Сарымсакты), *Achillea millefolium* – 2 ЦП (Нарымда) кирет. Келтирилген ДӨ түрлөрү эсепке алынып сырьелордун ЖСДМК Ата-Мекендик фармацевтикалык өндүрүшкө сунушталды.

Сырьёлук запасы 100 т (IV категориядагы) көбүрөөгү 2 түр 3 ЦП (9%): *Bupleurum multinerve* – 2 ЦП (Сарымсакты, Түштүкалтай Тарбагатай) жалпы ЭЗ 2 ЦП – абада кургатылган жер үстүнкү массасы 278,42 т, *Patrinia intermedia* – 1 ЦП (Нарымда) абада кургатылган тамырлардын сырьелук запасы 127,5 т жана жер үстүндөгү массасы 47,9 т (4.7. сүр.) түзөт.



4.7. сүр. ДӨ түрлөрүн сырьелук запасы боюнча бөлүштүрүү

Ошентип Түштүк Алтай кырка тоолорунун 20 ресурстук түрүнүн 6 түрү өндүрүштө абада кургатылган сырьесунун ЖСДМК суммасы: *Achillea millefolium* –жер үстүндөгү массасы 18,92 т; *Bupleurum multinerve* –жер үстүндөгү массасы 65,08 т; *Patrinia intermedia* –жер үстүндөгү массасы 10,48 т жана жер алдындагы массасы 13,42 т; *Rosa laxa* – жер үстүндөгү массасы 6,5 т; *Sanguisorba officinalis* –жер алдындагы массасы 10,65 т; *Solidago virgaurea* –жер үстүндөгү массасы 5,06 т (4.1. табл. к.) даярдоо сунушталды.

Жергиликтүү аптекалык тармактар үчүн түрлөрдүн абада кургатылган сырьесунун ЖСДМК суммасы: *Acorus calamus* –жер алдындагы массасы 2,02 т; *Antennaria dioica* –жер үстүндөгү массасы 2,18 т; *Artemisia gmelinii* –жер үстүндөгү массасы 0,85 т; *Bergenia crassifolia* –жер үстүндөгү массасы 0,18 т; *Cichorium intybus* –жер алдындагы массасы 0,64 т; *Hypericum elegans* –жер үстүндөгү массасы 0,48 т; *H. elongatum* –жер үстүндөгү массасы 4,04 т; *H. perforatum* – жер үстүндөгү массасы 2,75 т; *Hyssopus ambiguus* –жер үстүндөгү массасы 0,24 т; *Inula helenium* –жер алдындагы массасы 1,61 т; *Salvia stepposa* – жер үстүндөгү массасы 4,3 т; *Thermopsis alpina* –жер үстүндөгү массасы 1,94 т жана жер алдындагы массасы 4,06 т; *Thymus serpyllum* –жер үстүндөгү массасы 0,27 т; *Ziziphora clinopodioides* –жер үстүндөгү массасы 3,08 т (4.1. табл. к) жарамдуу.

Текшерилген ДӨ 13 түрүнүн (65%) официалдуу медицинада колдонулушу: *Patrinia intermedia, Hypericum perforatum, Ziziphora clinopodioides, Cichorium intybus, Bupleurum multinerve, Acorus calamus, Solidago virgaurea, Sanguisora officinalis, Achillea millefolium, Bergenia crassifolia, Inula helenium, Antennaria dioica, Thymus serpyllum*; используются в народной медицине 7 (35%) ДӨ түрү: *Hypericum elongatum, H. elegans, Salvia stepposa, Thermopsis alpina, Artemisia gmelinii, Hyssopus ambiguus, Rosa laxa*.

ДӨ көбүрөөк санда: *Asteraceae* Dumort. – 6 түрү (28%), *Lamiaceae* Lindl. – 4 түр (19%), *Hypericaceae* Juss. – 3 түр (14%), *Rosaceae* Juss. – 2 түр (9%) тукумдарынан, калган тукумдардан бирден өкүлдөр аныкталды.

4.4. Түштүк жана Түштүк-Батыш Алтайдын коргоого муктаж сейрек кездешүүчү дары өсүмдүктөрү. Түштүк жана Түштүк-Батыш Алтайдын сейрек жана жоголуп кетүү коркунучундагы 6 түр ДӨ флорасынын популяциясынын азыркы абалы изилденип, 15 ценопопуляциясы жазылып, негиздүү түрдө азайып бара жаткан: *Adonis vernalis, Alcea froloviana, Hedysarum alpinum, H. theinum, Paeonia hybrida, Stemmacantha chartamoides* түрлөрү аныкталды. Ар бир түрдүн өскөн жерине морфометрикалык мүнөздөмөлөр менен геоботаникалык жазуулар жүргүзүлүп, сейрек категориядагы түрлөрдүн коркунучтуу абалына чектөө факторлору коюлду.

Түштүк жана Түштүк-Батыш Алтай кырка тоолорун изилдөөдөн түрлөрдүн азаюусуна биотикалык абиотикалык жана антропогендик факторлор экендиги көрсөтүлдү.

ДӨ текшерүү жүргүзүлүп 3 сейрек түр Казакстандын Кызыл китебине: *Paeonia hybrida*, *Stemmacantha chartamoides*, *Adonis vernalis* (Казахстандын Кызыл китеби, 2014) киргизилди, изилденген аймактарга кошумча коргоо чараларды талап кылат. Калган түрлөр (*Hedysarum alpinum*, *H. theinum*, *Alcea froloviana)* Казахстандын Кызыл китебинин кийинки басылышына киргизилүүсү сунушталды.

4.1 таблица – Түштүк-Батыш жана Түштүк Алтай кырка тоолорунун аныкталган ДӨ эксплуатациялык сырьёлорунун запастары

Түр	Кырка тоо	Түрдүн ээлеген аянты, га	Кургак абада кургатылган сырьенун эксплуатациялык запасынын суммасы, т		Кургак абада кургатылган сырьенун жыл сайын даярдоо мүмкүнчүлүгүнүн көлөмүнүн суммасы, т	
			жер үстүндөгү бөлүгү	жер алдындагы бөлүгү	жер үстүндөгү бөлүгү	жер алдындагы бөлүгү
1	2	3	4	5	6	7
Түштүк-Батыш Алтай						
Achillea ledebourii Heimerl (*Ptarmica ledebourii* (Heimerl)	Иванов	6,0	4,08	–	1,02*	–
Achillea millefolium L.	Убин	6,0	9,50	–	2,37 *	–
Aconitum apetalum (Huth) B. Fedtsch.	Иванов	27,0	–	8,76	–	0,58*
Bupleurum longifolium L. *subsp. aureum* (Fisch. ex Hoffm.)	Убин, Иванов	335,0	202,0	–	50,54 **	–
Chamaenerion angustifolium (L.) Scop.	Иванов	80,0	232,2	–	58,05 **	–
Corydalis bracteata (Steph.) Pers.	Убин	30,0	7,08	1,62	1,77 *	0,108 *
Filipendula ulmaria (L.) Maxim.	Убин, Иванов	33,0	27,13	–	6,78 **	–
Inula helenium L.	Батыш Листвяга	3,5	–	14,4	–	0,95 *
Origanum vulgare L.	Убин	2,5	2,62	–	0,65*	–
Primula macrocalyx Bunge	Убин, Иванов	20,5	20,55	26,02	5,13 **	1,73 *
Solidago virgaurea L.	Иванов	55,0	146,1	–	36,52 **	–

4.1 таблицанын уландысы

1	2	3	4	5	6	7
Veratrum lobelianum Bernh.	Иванов	220,0	1106,9	865,8	221,38 **	86,58 **
Түштүк Алтай						
Achillea millefolium L.	Азутау, Нарым	208,0	94,68	–	18,92 **	–
Acorus calamus L.	Нарым	2,0	–	20,23	–	2,02 *
Antennaria dioica (L.) Gaertn.	Түштүкалтай Тарбагатай	40,0	10,93	–	2,18*	–
Artemisia gmelinii Web.	Азутау	5,0	4,25	–	0,85*	–
Bergenia crassifolia (L.) Fritsch.	Бухтармин тоолору	3,5	0,93	–	0,18*	–
Bupleurum multinerve DC.	Сарымсакты, Түштүкалтай Тарбагатай	1077,0	323,78	–	65,08 **	–
Cichorium intybus L.	Бухтармин тоолору	6,0	–	6,45	–	0,64 *
Hypericum elegans Steph.	Нарым	30,0	2,41	–	0,48 *	–
Hypericum elongatum Ledeb.	Нарым	80,0	20,20	–	4,04*	–
Hypericum perforatum L.	Азутау, Бухтармин тоолоу	35,0	13,79	–	2,75*	–
Hyssopus ambiguus (Trautv.) Iljin	Азутау	5,0	1,24	–	0,24 *	–
Inula helenium L.	Бухтармин тоолору	15,0	–	16,13	–	1,61 *
Patrinia intermedia (Hornem.) Roem. et Schult.	Нарым	219,0	52,77	134,99	10,48 **	13,42 **

4.1 таблицанын уландысы

1	2	3	4	5	6	7
Rosa laxa Retz.	Нарым, Курчум	17,5	6,5	–	6,5 **	–
Salvia stepposa Schost.	Нарым, Бухтармин тоолору	45,0	21,5	–	4,3 *	–
Sanguisorba officinalis L.	Сарымсакты	50,0	–	53,28	–	10,65 **
Solidago virgaurea L.	Түштүкалтай Тарбагатай	40,0	25,34	–	5,06 **	–
Thermopsis alpina (Pall.) Ledeb.	Түштүкалтай Тарбагатай	30,0	9,71	40,6	1,94*	4,06 *
Thymus serpyllum L.	Бухтармин тоолору	6,0	1,38	–	0,27*	–
Ziziphora clinopodioides Lam.	Азутау, Бухтармин тоолору	28,0	15,43	–	3,08 *	–
Эскертүү – *жергиликтүү аптекалык тармактар үчүн; ** – өндүрүштүк даярдоо						

ЖЫЙЫНТЫКТОО

1. Казакстандык Алтайдын дары өсүмдүктөрү 783 түрдөн 99 тукумдан турат, ошолордун ичинен официалдуу 87 түр таанылган, аналогдору – 13 түрдөн турат. Түштүк Алтай 706 түр өсөт, анын ичинен официалдуу медицинада 81 түр, 625 түр элдик медицинада колдонулат. Түштүк –Батыш Алтайда ДӨ 605 аныкталып, алардын 72 түрүн официалдуу түрдө таанылып, 533 түрү элдик медицинада колдонулат.

2. Түштүк-Батыш-Алтайдын үч кырка тоолорунан ДӨ каралып 12 түрү табылып сырьелук запасы аныкталды. Анын ичинен 7 официалдуу таанылды, Ивановдо (8 түр); Убинде (6 түр); Батыш Листвягада (1 түр). ДӨ 8 түрү сырьелук запасты 1 ден 10 т чейин пайда кылат (II категория); ДӨ 6 түрүнүн сырьелук запасы 10 т жана көбүрөөгү III категория; ДӨ 2 түрүнүн сырьелук запасы 100 т көбүрөөгү IV категорияга карайт. ДӨ көбүрөөк саны татаал гүлдүүлөр тукумунан *Asteraceae (*4 түр) жана *Ranunculaceae (*2 түр) табылды.

3. Түштүк Алтайда 20сы табылып жана сырьенун запасы эсепке алынды, анын ичинен 13 официалдуу таанылып, ДӨ 6 түрү тоо кыркаларда: Нарымда (7 түр); Бухтармин тоолорунда (7 түр); Азутауда (4 түр); Түштүкалтай Тарбагатайда (3 түр); Сарымсактыда (2 түр), Курчумда (1 түр). ДӨ 3 түрүнүн сырьелорунун запасынын 1 т азыраагы I категорияга; ДӨ 13 түрүнүн сырьелорунун запасы 1ден 10 т чейин - II категорияга; 9 түрдүн сырьелорунун запасы 10 т жана андан көп т – III категорияга; ДӨ 2 түр сырьёлорунун запасы 100 т көбүрөөгү IV категорияга карайт. ДӨ көбүрөөк саны: *Asteraceae* (6 түр), *Lamiaceae* (4), *Hypericaceae* (3), *Rosaceae* (2 түр) тукумдарына кирери аныкталды.

4. Келтирилген дары өсүмдүктөрдүн өскөн жеринин эколого-фитоценотикалык мүнөздөмөсү, рельефинин өзгөчөлүгү, топурагынын мүнөздүүлүгү жана топурак үстү каптоосу, деңиз деңгээлинен бийиктиги, түрлөрдүн экологиясынын бир мезгилге туш келиши, жалпы проекциялык жабуусу, фитоценоздо түрлөрдүн доминанттуулугу жана кошо жүрүүсү, түрлөрдүн ценопопуляциясы көптүгү жана ярустуулугу келтирилди.

5. Түштүк жана Түштүк-Батыш Алтайдын сейрек жана жоголуп кетүү коркунучундагы ДӨ 6 түрүнүн: *Paeonia hybrida* (Нарымский), *Stemmacantha chartamoides, Hedysarum alpinum, Hedysarum theinum* (Ивановдо), *Adonis vernalis, Alcea froloviana* (Убинде) популяцияларынын азыркы абалы изилденип коргоо үчүн кошумча сунуштар берилди.

6. Түштүк жана Түштүк-Батыш Алтайдын чарбалык жактан баалуу ДӨ 30 түрүнүн популяцияларын жаратылышта сактоо жана рационалдуу пайдалануу үчүн практикалык сунуштар иштелип чыкты.

ПРАКТИКАЛЫК СУНУШТАР

Түштүк жана Түштүк-Батыш Алтайдын ДӨ 30 түрүн рационалдуу пайдалануу, элдик жана официалдуу медицинада колдонулган дары өсүмдүктөрдүн сырьелорунун (гүлдөрү, топ гүлдөрү, жалбырагы, мөмөсү, тамыры), жыл сайын даярдоо мүмкүнчүлүгүнүн көлөмү (ЖСДМК) жана сырьелорду даярдоонун оптималдуу убактысы үчүн сунуштар иштелип чыкты.

Казакстандык Алтайдын сейрек жана жоголуп кетүү коркунучундагы ДӨ 6 түрүнүн: *Adonis vernalis, Alcea froloviana, Hedysarum alpinum, H. theinum, Paeonia hybrida, Stemmacantha chartamoides* табияттагы өскөн жерин коргоо боюнча кошумча чаралар сунушталды.

Казакстан Республикасынын негизги ареалынын чегинде же үч сейрек түрдү: *Hedysarum theinum, H. alpinum, Alcea froloviana* Казакстандын Кызыл Китебине киргизүү сунушталды.

Казастандын Кызыл Китебине катталган ДӨ үч түрүнүн: *Adonis vernalis, Paeonia hybrida, Stemmacantha chartamoides* катастрофалык түрдө санынын кыскарышына алынган аймактарда коргоо үчүн кошумча чаралар киргизилди: Чыгыш Казастандын өзгөчө корукка алынган аймагында популяциялары аныкталды, сейрек ДӨ табиятта өскөн жерлерине туристердин жана жергиликтүү элдин басышына (көрүүсүнө), малды жаюу жана колдо өстүрүүгө чектөө коюлду.

ДИССЕРТАЦИЯНЫН ТЕМАСЫ БОЮНЧА ЖАРЫЯЛАНГАН ЭМГЕКТЕРДИН ТИЗМЕСИ

1Котухов, Ю. А. Перечень лекарственных растений Казахстанского Алтая [Текст] / Ю. А. Котухов, А. Н. Данилова, С. А. Кубентаев. – Риддер: Изд-во «Меда-Альянс», 2015. –155 с.

2Danilova, A. N. Comparison Phytotsenotichesky Characteristic of Populations and *Bupleurum longifolium* L. subsp. *aureum* (Fisch. ex Hoffm.) Soo. at the ridges thoroughwax Ivanovsky and Ubinscy [Текст] / A. N. Danilova, S. A. Kubentaev // Russian Journal of Biological Research, 2015. –Vol. (6). – Is. 4. –P. 198–204.

3 Кубентаев, С. А. Фитоценотические и ресурсные исследования *Rosa laxa* Retz. на хребтах Курчумский и Нарымский [Текст] / С. А. Кубентаев, Н. М. Каданцева // Актуальные вопросы сохранения биологического разнообразия, интродукция растений: труды междунар. научной конф. – Риддер, 2015. – С. 301–307.

4 Кубентаев, С. А. Эколого-биологическая характеристика и запасы лекарственного растения *Inula helenium* L. на хребтах Западный Листвяга и Калбинский в Казахстанском Алтае [Текст] / С. А. Кубентаев, А. Н. Данилова // European conference on innovations in technical and natural sciences, 10 th International scientific conference. – Vienna, 2016. – С. 3–10.

5 Кубентаев, С. А. Состояние популяций и запасы *Veratrum lobelianum* Bernh. на хребте Ивановский [Текст] / С. А. Кубентаев, А. Н. Данилова // Проблемы ботаники Южной Сибири и Монголии: сборн. научн. трудов мат. междунар. научно-практ. конф. – Барнаул, 2016. – С. 57–63.

6 Данилова, А. Н. Фитоценотическая характеристика и запасы *Primula macrocalyx* Bungena на хребтах Ивановском и Убинском Казахстанского Алтая [Текст] / А. Н. Данилова, С. А. Кубентаев // Вестник Жезказганского университета имени О.А. Байконурова. – Жезказган, 2015. – С. 456–457.

7 Danilova, A. N. Population Studies of *Hedysarum theinum* Krasnob. at the Ivanovsky Mountain Range of the Kazakh Altai Mountains [Текст] / A. N. Danilova, Yu. A. Kotukhov, O.A. Anufrieva, S. A. Kubentayev // Research Journal of Pharmaceutical, Biological and Chemical Sciences. – India, 2017. –Volume 8. – Issue 1. – P. – 2065–2077. ISSN: 0975-8585.

8 Кубентаев, С. А. Современное состояние популяций *Hedysarum alpinum* L. на хребте Ивановском Казахстанскго Алтая [Текст] / С. А. Кубентаев, А. Н. Данилова // Биоэкологическое краеведение: мировые, российские и региональные проблемы: сборн. мат. междунар. научно-практич. конф. – 2016. – С. 83–89.

9 Kubentayev, S. A. Modern State of Populations of *Solidago Virgaurea* L. on the Ridges of Ivanovo and Southern Altai Tarbagatay [Текст] / S. A. Kubentayev // Central European Journal of Botany, 2017. – С. 10–16.

10 Kubentayev, S. A. To the Study of Resources of Populations of *Bupleurum Multinerv*e Dc. on the Ridges Sarymsakty and Southern-Altai-Tarbagatai [Текст] / Kubentayev S. A. // Central European Journal of Botany, 2017. – С.16–26.

11 Кубентаев, С. А. Состояние популяций *Salvia stepposa* Schost. на хребте Нарымский и в Бухтарминских горах Казахстанского Алтая [Текст] / С. А. Кубентаев // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана, 2017. – № 3. – С. 49–52.

12 Кубентаев, С. А. Состояние популяций *Thymus serpyllum* L. на Бухтарминских горах Казахстанского Алтая [Текст] / С. А. Кубентаев // Вестник Ошского государственного университета, 2017. – № 2. – С. 113–116.

13 Кубентаев, С. А. Фитоценотическая характеристика и запасы лекарственного растения *Patrinia intermedia* на хребте Нарымский [Текст] / С. А. Кубентаев // Вестник Кыргызско-Российского Славянского Университета, 2017, № 7 (17). – С. 182–185.

14 Кубентаев, С. А. Оценка эколого-биологических особенностей *Rhaponticum carthamoides* (Willd.) Iljin и его ресурсные показатели на хребте Ивановский (Восточный Казахстан) [Текст] / С. А. Кубентаев, А. Н. Данилова // Вестн. Том. гос. ун-та. Биология, 2017. – № 37. – С. 31–46.

Кубентаев Серик Аргынбековичтин «Түштүк жана Түштүк-Батыш Алтайдын Казакстан жагынын дары-дармек өсүмдүктөрүнүн флорасынын ар түрдүүлүгү жана ресурстук потенциалы» деген темада 03.02.01 – ботаника адистиги боюнча биология илимдеринин кандидаты илимий даражасына изденип алуу үчүн жазылган диссертациясынын кыскача

КОРУТУНДУСУ

Негизги сөздөр: Казакстандык Алтай, Түштүк-Батыш, Түштүк Алтай, дары өсүмдүктөр, экологиялык-фитоценотикалык мүнөздөмөсү, эксплуатациялык запасы, сырьёнун даярдоо мүмкүнчүлүгүнүн көлөмү, рационалдуу пайдалануу.

Изилдөөнүн объектиси: Түштүк жана Түштүк-Батыш Алтайдын жапайы өскөн дары өсүмдүктөрү, элдик жана официалдуу медицинада колдонулушу.

Изилдөөнүн предмети: Казакстандык Алтайдын дары өсүмдүктөрүнүн флорасы.

Изилдөөнүн ыкмасы: жалпы геоботаникалык жана ресурс таануу.

Изилдөөнүн максаты: Түштүк жана Түштүк-Батыш Алтайдын Казакстан жагынын дары өсүмдүктөрүнүн флорасынын түрлөрүнүн ар түрдүүлүгү жана ресурстук потенциалына заманбап баа берүү, аларды рационалдуу пайдалануу жана коргоо боюнча сунуштамаларды иштеп чыгуу.

Алынган жыйынтыктар жана алардын жаңылыгы. Казакстандык Алтайдын дары өсүмдүктөрүнүн флорасына биринчи жолу инвентаризация жүргүзүлдү жана ДӨ түрлөрүнүн ар түрдүүлүгүн 783 түрдөн 99 тукумдан турары анык болду; ДӨ 706 түрү Түштүк Алтайда жана 605 түрү – Түштүк-Батыш Алтайда кездешери аныкталды. Түштүк-Батыш Алтай кырка тоолорунун ДӨ 12 түрүнүн жана Түштүк Алтай кырка тоолорунун ДӨ 20 түрүнүн сырьёлук коры эсепке алынып, өндүрүшкө жарамдууларын даярдоо, ДӨ сырьелук запасына заманбап баа берилди. Сейрек жана жоголуп кетүү коркунучундагы ДӨ 6 түрүнүн популяциясынын азыркы абалы изилденип жана аларды коргоо боюнча кошумча чаралар сунушталды.

Пайдалануу боюнча сунуштар: чарбалык жактан баалуу ДӨ өндүрүштө жыш өскөн жерлерин регионалдык даярдоочуларга жана жаратылышты коргоо мекемелерине материалдан алынган жыйынтыктарын рационалдуу пайдалануу боюнча сунуштарын колдонсо болот.

Колдонуу тармагы (жайлары): Түштүк жана Түштүк-Батыш Алтайдын ДӨ запасы жана таралышы жөнүндөгү маалыматтар ТОО «Шыгыс-Invest» жана ТОО «Курчумнаназыктүлүк», дары-дармек даярдоочуларга берилди. Казакстандык Алтайдын ДӨ түзүлгөн тизмеси ботаниктер, фитохимиктер, фармакологдор, медицина тармагындагы эмгектенген адистерге окуу жана маалымат куралы катары кызмат аткарат.

РЕЗЮМЕ

диссертации Кубентаева Серика Аргынбековича на тему: «Видовое разнообразие и ресурсный потенциал лекарственной флоры казахстанской части Южного и Юго-Западного Алтая» на соискание ученой степени кандидата биологических наук по специальности 03.02.01. – ботаника.

Ключевые слова: Казахстанский Алтай, Юго-Западный, Южный Алтай, лекарственные растения, эколого-фитоценотическая характеристика, эксплуатационный запас, объем возможных заготовок сырья, рациональное использование.

Объекты исследования: дикорастущие лекарственные растения Южного и Юго-Западного Алтая, используемые в народной и официальной медицине.

Предмет исследования: лекарственная флора Казахстанского Алтая.

Методы исследования: общепринятые геоботанические и ресурсоведческие.

Цель исследования: современная оценка видового разнообразия и ресурсного потенциала лекарственной флоры казахстанской части Южного и Юго-Западного Алтая, разработка рекомендаций по их рациональному использованию и охране.

Полученные результаты и их новизна: впервые проведена инвентаризация лекарственной флоры Казахстанского Алтая и выявлено видовое разнообразие ЛР, представленных 783 видами из 99 семейств; из которых 706 видов ЛР произрастает на Южном Алтае и 605 видов – на Юго-Западном Алтае. Дана современная оценка сырьевых запасов ЛР, пригодных для промышленных заготовок, учтены сырьевые запасы 12 видов ЛР на хребтах Юго-Западного Алтая и 20 видов ЛР на хребтах Южного Алтая. Изучено современное состояние популяций 6 редких и исчезающих видов ЛР и рекомендованы дополнительные меры по их охране.

Рекомендации по использованию: полученные материалы в виде отчетов, картосхем и рекомендаций по сохранению и рациональному использованию выявленных промысловых зарослей хозяйственно ценных ЛР могут быть использованы региональными заготовительными и природоохранными организациями.

Область применения: данные по распространению и запасам ЛР Южного и Юго-Западного Алтая переданы ТОО «Шыгыс-Invest» и ТОО «Курчумхлебопродукт», занимающихся заготовкой лекарственных растений. Составленный перечень ЛР Казахстанского Алтая может служить учебным и справочным пособием для ботаников, фитохимиков, фармакологов, фармацевтов, студентов и преподавателей биологического, медицинского и фитохимического профиля.

ABSTRACT

of inaugural dissertation for Candidate of Sciences {Biology} in specialty 03.02.01-Botany written by Mr. Serik Kubentayev Argynbekovich with following topic: “ Species diversity and resource potential of the medicinal flora of the Kazakhtani part of the South and the South-West Altay”.

Key words: Kazakhstani Altay, South-West, South Altay, medicinal flora, ecologo-phytocenotic characteristics, exploitable volume, volume of possible provision of raw material, rational use.

Objects of the research: wild medicinal plants of the South and South-West Altay, used in popular and official medicine.

Subject of the research: medicinal flora of the Kazakhtani Altay.

Methods of the research: common geobotanical and resource studies.

Objective of the research: current evaluation of species diversity and resource potential of the medicinal flora of the Kazakhtani part of the South and the South-West Altay, development of recommendations on their rational use and protection.

Outcomes and their novelty: the inventory procedures of the medicinal flora of the Kazakhstani Altay was carried out for the first time and the species diversity of the MP, represented by 783 species from 99 families, were revealed; of which 706 species of MP grow in the South Altay and 605 species in the South-West Altae. A current estimate of the raw material reserves of the MP suitable for industrial blanks is given, raw stocks of 12 species of the MP on the ridges of the South-West Altai and 20 species of the MP on the ridges of the South Altay are taken into account. The present state of populations of 6 rare and endangered species of the MP were studied and additional measures were recommended for their protection.

Recommendation for implementation: received materials in the form of reports, maps and recommendations for the conservation and rational use of identified commercial thickets of economically valuable MP can be used by regional procuring and environmental protection organizations.

Area of implementation: data on the distribution and reserves of the MP in the South and South-West Altay were transferred to "Shygys-Invest" LLP and "Kurchumkhleboprodukt" LLP, which are engaged in the harvesting of medicinal plants. The compiled list of MP of the Kazakhstani Altay can serve as a training and reference guide for botanists, phytochemists, pharmacologists, pharmacists, students and teachers of biological, medical and phytochemical profiles.